| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

2024-жылдын 5-январынан № 5 Бишкек шаары

**Бишкек жылуулук энергия коммуналдык ишканасынын отканалары иштеп чыгарган жана алардан берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө**

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 17-мартындагы № 2 буйругу менен бекитилген продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү методикасына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 30-ноябрындагы №221 «Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтер жөнүндө» буйругуна ылайык жана отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 10-январындагы № 06/03 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2024-жылдын 1-январынан тартып «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын отканаларынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер бюджеттик, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр үчүн (“Калк” керектөөчүлөр тобунан башка) 1 Гкал үчүн төмөндөгү өлчөмдө белгиленсин (салыктар эсепке алынбастан):
- жаратылыш газы менен иштеген отканалар үчүн – 6 672,19 сом;
- көмүр менен иштеген отканалар үчүн – 6 889,20 сом;
- электр энергиясы менен иштеген отканалар үчүн – 8 170,39 сом;
- «Бишкексельмаштын» отканалары үчүн – 3 035,95 сом.

2. Ушул буйруктун тиркемесине ылайык 2024 – жылга «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын пландуу техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү бекитилсин.

3. Кыргыз Республикаснын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2023-жылдын 9-июнундагы № 111 «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын отканалары иштеп чыгарган жана алардан берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке жылуулук энергиясына тарифтерди белгилетүү үчүн берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын директоруна жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту аткаруу үчүн «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын дарегине жөнөтсүн.

6. Маалымат катчы жалпыга маалымдоо үчүн ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

7. Буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И.Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**